Бишкек шаарынын
ИИББнын начальниги
милициянын полковниги
Н.Ногойбаевге

Бишкек шаарынын Октябрь РИИБнүн МЭЖна № 02-055-2021-011905 саны менен катталган кабар бонча

**МААЛЫМАТ**

2021-жылдын 4-июль күнү "Фуйсбук" сайты аркылуу [redacted] аттуу колдонуучу "Эмгек" партиясынан талапкер, ырчы [redacted] Бишкек шаарынын Октябрь районуна караштуу 10-кичи районунун 5-үйүнүн короосуна орнотулган отургучтарды жашоочулардын пикирин эске албай туруп, краскалап жатыптыр деген маалымат жарыяланган. Аталган маалымат Бишкек шаарынын Октябрь РИИБнүн МЭЖна 02-055-2021-011904 саны менен катталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалымат боюнча Бишкек шаарынын Октябрь РИИБнүн ыкчам тергөө тобу окуя болгон жерге барган учурда Бишкек шаарынын Октябрь районуна караштуу 10-кичи районунун 5-үйүнүн короосуна кароо жүргүзулүп, тийиштүү кишилер суралган.

Ошондой эле Бишкек шаарынын Октяябрь районуна караштуу 10-кичи районунун №5-үйүнүн (үй башчысы ) домком [redacted] төмөндөгүчө көрсөтмө берген "2021-жылдын 3-июль күнү болжол менен саат 19:00 чамаларында, үйдүн алдында ызы-чуу болуп музыка угулгандыктан сыртка чыксам үйдүн короосунда "Эмгек" саясий партиясынан жаш балдар чогулуп агитация кылып, музыка коюп чогулуп турушкан экен. Кийин мен алардын алдына барып эмне ызы чуу салып жатасынар деп сурасам алардын бироосу биз үйдүн (үй-башчысы) домком менен сүйлөшүп чогулуш откоруп жатабыз деп айтып калды. Андан кийин мен аларга үйдүн (үй-башчысы) домком мен болом бул жерде ызы чуу кылбагыла, бугун дем алыш кун кошуналардын тынчын албай бул жактан кетип калгыла деп айтсам, алар мени укпай коюшту. Андан кийин мен өзүмдүн бош убактым болгондуктан үйдүн короосунда жайгашкан отургачтарды краскалап баштагам биз краскаларды №5 уйдун жашоочулары менен бирге өзүбүз акча чогултуп алганбыз. Ал эми мен отургучту краскалап жатканымда топ балдардын ичинен бирөөсү келип красканы алып шериктерине мени тарткыла биз үйдүн короосун краскалап берип жатабыз деп видеого тушуп жатты, шол учурда ал жактагы элдер "Эмгек" саясий партиясынын өкүлдөрүн видеого тартып алышты деп билдирген".

Бул факты боюнча топтолгон маалымат 2021-жылдын 4-июлунда Бишкек шаарынын Октябрь РИИБнүн МЭЖне 02-055-2021-011905 саны менен катталган.

Кошумча маалымат болсо кагаз түрүндө билдиребиз.

**Начальник**
**милициянын полковниги** **Аалиев У.К.**